КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 2/1361
"26" 07 2024 ж/г

**№ 13 Сузак бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө**

№ 13 Сузак бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 65-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам**:

1. № 13 Сузак бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жетинчи чакырылышынын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо 2024-жылдын 22-сентябрына, жекшембиге дайындалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык шайлоону өткөрүүнү уюштурсун.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

– шайлоону өткөрүү үчүн зарыл болгон финансылык каражаттарды Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чыгымдар сметасына ылайык бөлсүн;

– шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде мыйзамдуулукту, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу, коомдук тартипти сактоо боюнча чараларды көрсүн;

– Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринин негизинде шайлоочулардын так тизмелерин түзүү үчүн анын маалыматтарын тактоо боюнча чараларды көрсүн;



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О назначении досрочных выборов депутата Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по Сузакскому одномандатному избирательному округу № 13**

В связи с досрочным прекращением полномочий депутата Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по Сузакскому одномандатному избирательному округу № 13, руководствуясь пунктом 2 части 2 статьи 70 Конституции Кыргызской Республики, статьями 59, 65 конституционного Закона Кыргызской Республики «О выборах Президента Кыргызской Республики и депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики», **постановляю**:

1. Назначить досрочные выборы депутата Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по Сузакскому одномандатному избирательному округу № 13 седьмого созыва на воскресенье, 22 сентября 2024 года.

2. Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики организовать проведение выборов в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

3. Кабинету Министров Кыргызской Республики:

– выделить необходимые финансовые средства для проведения выборов согласно смете расходов Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики;

– в период подготовки и проведения выборов принять меры по обеспечению законности, прав и свобод граждан, охраны общественного порядка;

– принять меры по уточнению данных Единого государственного реестра населения для формирования на его основе точных списков избирателей;

– шайлоо процессинде колдонулуучу маалыматтык электрондук системалардын киберкоопсуздугун, электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу маалыматтарды алмашууну, мыйзамдарда аныкталган маалыматтарды берүү процесстерин жүргүзүү үчүн үзгүлтүксүз жана коопсуз байланыш каналдары менен камсыз кылууда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына көмөк көрсөтсүн;

– добуш берүү жана шайлоочуларды идентификациялоо үчүн жабдуулардын коопсуз сакталышын камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн;

– Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүнү жөнгө салуучу мыйзамдардан келип чыгуучу башка иш-чараларды белгиленген тартипте ишке ашырууну камсыз кылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын сакталышын камсыз кылсын.

5. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө уюштуруу-техникалык маселелерди чечүү боюнча тиешелүү ыйгарым укуктуу органдардын жана шайлоо комиссияларынын ишине көмөк көрсөтсүн.

6. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.Н. Жапаров**

Бишкек ш.
2024-жылдын 24-июлу
ПЖ № 204

– оказать содействие Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики в обеспечении кибербезопасности информационных электронных систем, применяемых в выборном процессе, обмена данными посредством системы электронного межведомственного взаимодействия, бесперебойными и безопасными каналами связи для проведения определенных законодательством процессов передачи данных;

– принять меры по обеспечению безопасного хранения оборудования для голосования и идентификации избирателей;

– обеспечить в установленном порядке реализацию иных мероприятий, вытекающих из законодательства, регулирующего проведение выборов депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики.

4. Генеральной прокуратуре Кыргызской Республики при подготовке и проведении выборов обеспечить соблюдение Конституции и законов Кыргызской Республики.

5. Местным государственным администрациям и органам местного самоуправления оказать содействие в работе соответствующих уполномоченных органов и избирательных комиссий по решению организационно-технических вопросов при подготовке и проведении выборов.

6. Настоящий Указ вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.Н. Жапаров**

г. Бишкек
24 июля 2024 года
УП № 204